www.manas.edu.kg

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
Спорт илимдери факультети
Дене тарбия жана спорт мугалими бөлүмү
Курстун программасы

Курстун коду	Курстун аты (Кыргызча)	Курстун аты (Түркчө)	Семестр	Апталык саат	Кредит	ECTS
KGZ-103	КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ I	KIRGIZ DILI VE EDEBIYATI I	1	0 + 2	1	2

Курстун деңгээли	Бакалавр
Курстун түрү	Талаптуу
Курстун мугалими	Ниязбек Толобеков
Курстун тили	Кыргызча
Жардамчылар	-
Аудитория	102
Курстун максаты	Кыргыз тилинде сабаттуу жазууга, окуганын, укканын, өз ой-пикирин, көз карашын эркин сүйлөй билүүгө үйрөтүү. Иш кагаздарын туура жазганга машыктыруу. Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн, анын өзгөчөлүктөрүн, орфоэпиялык, орфографиялык нормаларын жана тыныш белгилеринин коюлуш эрежелерин үйрөтүү. Жеке жана көп маанилүү, төл жана бөтөн сөздөрдү ажырата билүүгө көнүктүрүү. Сөздөрдүн лексико-семантикалык маанисин талдап, сүйлөм ичинде синоним, антоним жана омонимдерди натыйжалуу пайдаланганды үйрөтүү. Тил, адабиятка жана адистигине тиешелүү сөздүктөрдү колдонгонго машыктыруу. Сөз байлыгын өстүрүү. Көчмөн турмуштун адабиятка тийгизген таасирин түшүндүрүп, оозеки чыгармачылыктын түрлөрү менен тааныштыруу. Фольклор менен жазма адабияттын табиятын ажырата билүүгө үйрөтүү. Көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдү жараткан таланттуу инсандардын өмүрү жана чыгармачылыгы менен тааныштыруу. Байыркы жазма эстеликтер менен кийинки доордогу кыргыз жазма адабиятынын ээлеген ордун, ошол мезгилден калган баалуу адабий мурастардын маани-маңызын өз алдынча талдаганга үйрөтүү. Ошол мезгилде жашаган калемгерлердин өмүрү жана чыгармачылыгы менен тааныштыруу. Үлгүгө тартарлык өрнөктүү адабий тексттерди окуп, терең түшүнүүгө жана аудио китептер менен иштөөгө көнүктүрүү.

Колдонулуучу адабияттар		
	Колдонулуучу адабияттар	**Адабияттын түрү**
1	Орузбаева Б., Турсунов А., Сыдыков Ж., Акматалиев А., Мусаев С., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: Фонетика, Лексикология, лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Стилистика, Текстаануу, Лингпоэтика. – Б.:2009.	Китеп
2	Абдулдаев Э., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А.. Кыргыз тили. Ф.: Мектеп, 1986.	Китеп
3	Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги: тил илими, лексика, фонетика, морфология, сөз жасоо, орфография, пунктуация, жазуу, синтаксис, байланыштуу кеп. Б.: 2004.	Китеп
4	Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар», «Бетме бет», «Саманчынын жолу», Деңиз бойлой жорткон повесттеринин укма дисктери жана ушул чыгармалардын түпнускасы.	Китеп
5	Кулалиева К. Иш кагаздарын жүргүзүү: Окуу куралы. – Оңдолуп, толукталып 2-басылышы. Б.:2016.	Китеп
6	Төлөкова Э., Абылкасымова Т., Бейшеева А., Исмаилов А., Ибраева М. Көркөм чыгармалар боюнча окуп түшүнүү жана угуп түшүнүү жыйнагы. Улантуучу топтор үчүн. окуу куралы. Б.:2011.	Китеп
7	Кыргыз тилинин жазуу эрежелери: Соңку редакциясы / Кырг. Респ. Президентине караштуу Мамл. тил боюнча улут. комис. Б.: 2013.	Китеп
8	Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү. /Түз.: А. Исманкулова, Р. Солтобаева. Б.: «Кыргыз энциклопедиясы» башкы ред., 2016.	Китеп
9	Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика.I-6том.-Б.: “Шам”, 2004.	Китеп
10	Кыргыз адабиятынын тарыхы: XX кылымдын кыргыз адабияты (20-60-жылдар). –Б.:2015.	Китеп
11	Мусаев С.,Турдугулов А. Көркөм сөз өнөрү. Б.:1999.	Китеп
12	Кыргыз адабияты: Орто мектептин XI кл. үчүн окуу китеби / К. Артыкбаев, К.Асаналиев, С.Байгазиев ж.б. 2-бас. – Б.: 2004.	Китеп

Колдонулуучу адабияттар		
13	Ч.Айтматовдун чыгармалар жыйнагы 8 том. Б.: 2017.	Китеп
14	Адабият таанууга киришүү. /Түз.: Бегалиев С.Б. К.Тыныстановат. ЫМУ, – Каракол, 2010.	Китеп
15	Адабият: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Түз.: Ж. Шериев, А. Муратов. Б.: 1994.	Китеп
16	Асаналиев К., Кыдырбаева Р. Адабий терминдердин кыргызча кыскача сөздүгү. Ф.: 1963; Кыргыз адабий терминдеринин сөздүгү. Ф.: 1987.	Китеп

Жетишилчү жыйынтыктар	
1	Кыргыз тилинде сабаттуу жазууга, окуганын, укканын, өз ой-пикирин, көз карашын эркин сүйлөй билүүгө үйрөнөт. Иш кагаздарын туура жазганга машыгат. Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшүн, анын өзгөчөлүктөрүн, орфоэпиялык, орфографиялык нормаларын, грамматикалык түзүмүн өздөштүрөт. Сүйлөм курулуштарын орун тартиби боюнча түзө билип, тыныш белгилеринин коюлуш эрежелерин үйрөнөт. Сөздөрдүн лексико-семантикалык маанисин талдап, сүйлөм ичинде синоним, антоним жана омонимдерди натыйжалуу пайдаланганды үйрөнөт. Жеке жана көп маанилүү, төл жана бөтөн сөздөрдү ажырата билүүгө көнүгөт. Тил, адабиятка жана адистигине тиешелүү сөздүктөрдү колдонгонго машыгат. Сөз байлыгын өстүрөт. Көчмөн турмуштун адабиятка тийгизген таасирин түшүнүп, оозеки чыгармачылыктын түрлөрү менен таанышат. Муундан-муунга келип жеткен айтым сөздөр, макал-лакаптар, ыр түрмөктөрү, майда аңгемелер, жөө жомоктор жана эпикалык чыгармалардын терең мааниге ээ идеялык мазмунун ачып берүүнү өздөштүрөт. Байыркы жазма эстеликтер менен кийинки доордогу кыргыз жазма адабиятынын ээлеген ордун, ошол мезгилден калган баалуу адабий мурастардын маани-маңызын өз алдынча талдаганга үйрөнөт. Ошол мезгилде жашаган калемгерлердин өмүрү жана чыгармачылыгы менен таанышат. Үлгүгө тартарлык өрнөктүү адабий тексттерди окуп, терең түшүнүүгө жана аудио китептер менен иштөөгө көнүгөт.

Курстун планы	
Апта	**Темасы**
1. Апта	Киришүү. Курстун негизги максаты жана милдеттери. Жазуу жана анын түрлөрү. Кыргыз эли колдонгон жазуулар (алфавиттер). Фонетика. Үндүү жана үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү. Үндүүлөрдүн үндөштүк мыйзамы.
2. Апта	Көчмөн цивилизациясы. Элдик оозеки чыгармачылык. Фольклор менен профессионал жазма адабияттын айырмачылыгы (Жалпы обзор). Касым Тыныстановдун өмүрү жана чыгармачылык жолу.
3. Апта	Орфография. Кээ бир тамгаларды, баш тамгаларды, уңгу сөздөрдү, татаал сөздөрдү, дефисти жазуу эрежелери (Адистик тексттердин мисалында). Көркөм чыгарма. Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» повести (аудио материал, текст жана көнүгүүлөр менен иштөө).
4. Апта	Орто кылымдагы орток адабий мурастар жана алардын жаратуучулары: Ж.Баласагын, М.Кашкари. Ырчылык өнөр жана анын өкүлдөрү: Жеңижок, Барпы. Жазгыч акындар: М.Кылыч, М.Нияз (Жалпы обзор).
5. Апта	Иш кагаздары жөнүндө түшүнүк. Өмүр баян. Таржымал. Лексикология. Синоним, антоним жана омонимдер.
6. Апта	«Улут болсом – тилим менен улутмун». Эсенгул Ибраевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу. Лексикология. Эскирген сөздөр: историзм жана архаизмдер.
7. Апта	Лексикография. Сөздүк жана алардын түрлөрү. Сөздүктөрдү натыйжалуу колдонуунун ыкмалары. Көркөм чыгарма. Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» повести (аудио материал, текст жана көнүгүүлөр менен иштөө).
8. Апта	Ара сынак
9. Апта	Пунктуация. Тыныш белгисинин коюлушу жөнүндөгү негизги эрежелер: Суроо белгиси, илеп белгиси, көп чекит, үтүр, үтүрлүү чекит, кош чекит, сызыкча, кашаа, тырмакча, ж.б.
10. Апта	1920-30-жылдырдагы кыргыз адабияты. Улуттук боштондук кыймылынын кыргыз адабиятында көркөм чагылдырылышы. Мукай Элебаевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу.
11. Апта	Иш кагаздары: Мүнөздөмө. Арыз. Лексикология: Кесиптик лексика жана неологизмдер (Адистик тексттердин мисалында).
12. Апта	Көркөм чыгарма. Мукай Элебаевдин «Узак жол» романы (аудио материал, текст жана көнүгүүлөр менен иштөө).
13. Апта	Лексикология. Жеке жана көп маанилүү сөздөр. Төл жана бөтөн сөздөр. Троп жана анын түрлөрү.
14. Апта	«Сен таза болсо, мен таза болсом, коом да таза болот». Улуттук лидер жана коомдук ишмер Исхак Раззаковдун өмүр жолу. Күндөлүгү жана учкул сөздөрү. Сүйлөшүү маданияты.
15. Апта	Адабият таануу илими: адабият теориясы, адабияттын тарыхы жана адабий сын жөнүндө түшүнүк. Көркөм чыгарма. Мукай Элебаевдин «Узак жол» романы (аудио материал, тест жана көнүгүүлөр менен иштөө).
16. Апта	Мара сынак

Баалоо			
Баалоо каражаты	**Саны (даана)**	**Үлүшү (%)**	**Жалпы үлүшү**
Арасынак	1	40	**40**
Финал сынагы	1	60	**60**